Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезектеги жыйырма сегизинчи сессиясынын

**ТОКТОМУ № 28-1**

25.07.2024. Куу-майдан айылы.

**Айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын 13-январындагы айылдык кеңештин № 24-6 токтому менен бекитилген бюджетинин алты айлыкта аткарылышынын абалы тууралуу**

Айыл өкмөтүнүн алты айлык бюджетинин аткарылышынын абалы жана айылдык кеңештин 2024-жылдын 13-январындагы № 24-6 токтому менен бекитилген бюджетине тактоолорду жүргүзүү тууралуу айыл өкмөтүнүн жана туруктуу комиссиянын берген маалыматын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 2-пунктчасына ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Айыл өкмөтүнүн алты ай ичинде аткарылган иштер боюнча берген маалыматы эске алынсын.

2. Айылдык кеңештин 2024-жылдын 13-январындагы № 24-6 токтому менен бекитилген бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнө тактоолорду, толуктоолорду жүргүзүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысына жана ФЭБнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Кубанычбек уулу Мурасбекке жүктөлсүн.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов.**

Кеңеш айылдык  кеңешинин (7-чакырылышы)
кезектеги жыйырма  сегизинчи  сессиясынын

**ТОКТОМУ № 28-2**

25.07.2024.                                                                 Куу-майдан айылы.

**“Жеткинчек-Кеңеш” балдар бакчасына кошумча тайпа ачуу жөнүндө.**

**“Жеткинчек-Кеңеш ”** балдар бакчасына кошумча тайпа ачуу тууралуу ата-энелердин суроо-талаптарын   угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын  «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү»  2021-жылдын  20-октябрындагы  № 123- мыйзамынын  3-главасынын  34-беренесинин  2-пунктунун 1-пунктчасына  ылайык  Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши  **токтом кылат:**

1. **“Жеткинчек-Кеңеш”** балдар бакчасына кошумча тайпа ачууга макулдук берилсин.

2. Керектүү иш-кагаздарын даярдап, билим берүү бөлүмүнө тапшыруу жагы балдар бакчасынын башчысы Абдыразакова Анара Айдаралиевнага жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы  социалдык маселелер, маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо,  жаштар, спорт,  регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Орозмамат кызы Айганышка тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы                                                    О.С.Абдырахманов.**

Кеңеш айылдык  кеңешинин (7-чакырылышы)
кезектеги жыйырма  сегизинчи  сессиясынын

**ТОКТОМУ № 28-3**

25.07.2024. Куу-майдан айылы.

**Билим берүүчү мектептердин таштандыларын ташып  чыгаруу үчүн жыйым тууралуу**

Айыл өкмөт башчысынын  Билим берүүчү мектептердин таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйым  акысы төлөнбөй келе жаткандыгын жана ушул маселени кантип чечүү керектиги тууралуу көйгөйүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү»  2021-жылдын  20-октябрындагы  № 123- мыйзамынын  3-главасынын  34-беренесинин  2-пунктунун 1, 11-пунктчасына  жана Кыргыз Республикасынын  “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” кодексинин 24-бөлүмүнүн  74-75-76-беренелерине ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши  **токтом кылат:**

1.Билим берүүчү мектептердин таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйым акысынын өлчөмүн  жана  төлөө булактарын тактап туруп, кайрадан  сунуштоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирисин.

2.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы  социалдык маселелер, маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо,  жаштар, спорт,  регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Орозмамат кызы Айганышка тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов.**

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезектеги жыйырма сегизинчи сессиясынын

**ТОКТОМУ № 28-4**

25.07.2024. Куу-майдан айылы.

**Кеңеш айыл аймагындагы мектептердеги, бала бакчаларындагы куурап калган, имараттарга тийүүчү күн нурун тосуп калган жана курулуш иштерине тоскоол жараткан бак дарактарды алып салууга макулдук берүү тууралуу**

Кеңеш айыл аймагындагы мектептердеги, бала бакчаларындагы куурап калган, имараттарга тийүүчү күн нурун тосуп калган жана курулуш иштерине тоскоол жараткан бак дарактарды алып салууга макулдук берүү тууралуу айыл өкмөтүнүн суранычын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдыча башкаруу жөнүндөгү" 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123-мыйзамынын 3-бөлүмүнүн 34-беренесинин 2-пунктунун 5-пунктчасына таянып Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл аймагындагы мектептердеги, бала бакчаларындагы куурап калган, имараттарга тийүүчү күн нурун тосуп калган жана курулуштарга тоскоол жараткан бак дарактарды тиешелүү органдардын уруксаты менен алып салууга макулдук берилсин.

2. Мыйзамдын чегинде иш алып баруу жагы ар бир мекеменин жетекчилерине жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер, суу чарба, жана жаратылышты коргоо, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, таранспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Нурматов Орозмаматка тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С. Абдырахманов**

Кеңеш айылдык  кеңешинин (7-чакырылышы)
кезектеги жыйырма  сегизинчи  сессиясынын

**ТОКТОМУ № 28-5**

25.07.2024.                                                                  Куу-майдан айылы.

**“Байыш нуру” балдар бакчасына кошумча тайпа ачуу жөнүндө.**

**“Байыш нуру ”** балдар бакчасына кошумча тайпа ачуу тууралуу ата-энелердин суроо-талаптарын   угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын  «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү»  2021-жылдын  20-октябрындагы  № 123- мыйзамынын  3-главасынын  34-беренесинин  2-пунктунун 1-пунктчасына  ылайык  Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши  **токтом кылат:**

1. **“Байыш нуру”** балдар бакчасына кошумча тайпа ачууга макулдук берилсин.
2. Керектүү иш-кагаздарын даярдап, билим берүү бөлүмүнө тапшыруу жагы балдар бакчасынын башчысы  Маматова Кызайым Тургунбаевнага жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы  социалдык маселелер, маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо,  жаштар, спорт,  регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Орозмамат кызы Айганышка тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы**                                                **О.С.Абдырахманов.**

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезектеги жыйырма сегизинчи сессиясынын

**ТОКТОМУ № 28-6**

25.07.2024. Куу-майдан айылы.

**Чегеден айылындагы Ак-Чабуу орто мектебинин спорт залынын полун оңдоп түзөө үчүн өнүктүрүү фондунан акча каражатын бөлдүрүү тууралуу**

Ак-Чабуу орто мектебинин спорт залынын полун оңдоп түзөө иштерине Ош облусттук өнүктүрүү фондунун эсебинен акча каражатын каржылоону сурануу тууралуу долбоордун жетекчисинин сунушун угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 1чи, 2-пунктчасына ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Чабуу орто мектебинин спорт залынын полун оңдоп түзөө үчүн 713707 (жети жүз он үч миң жети жүз жети) сом акча каражатын Ош областтык өнүктүрүү фондунан суралсын.

2. Токтомду аткарууга алуу айыл өкмөтүнө жана долбоордун жетекчисине тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Кубанычбек уулу Мурасбекке тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма тогузунчу сессиясынын

**ТОКТОМУ № 29-1**

13.09.2024. Куу-майдан айылы.

**Айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетин толуктоо максатында республикалык бюджеттен компенсация катары каржыланган кирешени бекитүү жөнүндө**

КР Президентинин 2021-жылдын 6-декабрындагы ПЖ №547 жарлыгын ишке ашыруу боюнча , КР Министрлер Кабинети 2023-жылдын 11-мартында №137 сандуу токтом кабыл алган. Токтомдо дыйкан чарбалар айыл чарба жерлеринин салыктарынан 2022-жылдын 1-январынан 2024-жылдын 31-декабрына чейин бошотулган. Жергиликтүү бюджеттерди толуктоо максатында жыл сайын республикалык бюджеттен компенсация катары кирешеге каржылоо каралган. Быйылкы жылга 750,1 миң сом компенсация берилген, бул акча каражатын каржылоо тууралуу ФЭБнүн башчысынын маалыматын жана туруктуу комиссиянын берген маалыматын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 2-пунктчасына ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Айыл өкмөтүнүн бюджетинин тогуз айлыгына карата республикалык бюджеттен компенсация катары каржыланган киреше бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнө тиркемеге ылайык бөлүштүрүлүп бекитилсин. (тиркеме тиркелет)

2. Аткарууга жана каржылоого алуу жагы айыл өкмөт башчысына жана ФЭБнүн башчысына тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Кубанычбек уулу Мурасбекке жүктөлсүн.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов.**

Кенеш айылдык кенешинин ( 7 - чакырылышынын)
кезексиз жыйырма тогузунчу сессиясынын 2024-жылдын
13-сентябрындагы № 29-1 токтомуна тиркеме

Республикалык бюджеттен компенсация катары каржыланган
кирешени тиешелүү тармактарга бөлүштүрүлүшү.

| **Разделдер** | **Код эконом квалификация** | | **кварталдар боюнча** | | | | **Бардыгы** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **1** | **2** | **3** | **4** | |
| **Киреше бөлүгү: Кошумча** | | | | | | | |
| Максаттуу трансферт (Компенсация юридикалык жер салык) үчүн | 13311200 | | | | 750,1 | | 750,1 |
| | | | | | | | |
| **баары** | | | | | **750,1** | | **750,1** |
| **Чыгаша бөлүгү** | бөлүм | бере не | 1 | 2 | 3 | 4 | |
| Арбын айылындагы спорт залдын ремонт иштерине | 70862 | 3111 | | | 250 | | 250 |
| Долбоорлорду даярдоого | 70491 | 2215 | | | 330 | | 330 |
| Арбын айылындагы көчөлөрдү жарыктандырууга | 70629 | 2222 | | | 60,1 | | 60,1 |
| Арбын айылындагы Жеткинчек-Кеңеш балдар бакчасынын отканасынын ремонтуна | 70911 | 2221 | | | 60 | | 60 |
| Балдар бакчаларынын кызматкерлеринин сапардамалык чыгымдарына | 70911 | 2211 | | | 50 | | 50 |
| | | | | | | | |
| **баары** | | | | | **750,1** | | **750,1** |

Кеңеш айылдык кеңешинин
төрагасы О.С.Абдырахманов

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма тогузунчу сессиясынын

**ТОКТОМУ № 29-2**

13.09.2024. Куу-майдан айылы.

**Айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин тогуз айлыгына карата айылдык кеңештин 2024-жылдын 13-январындагы № 24-6 токтому менен бекитилген бюджетине тактоолор жана толуктоолор киргизүү жөнүндө**

Айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин тогуз айлыгына карата келип түшүүчү кирешени жана чыгашаны айылдык кеңештин 2024-жылдын 13-январындагы № 24-6 токтому менен бекитилген бюджетине тактоо жана толуктоо жүргүзүү керектиги тууралуу ФЭБнүн башчысынын жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 2-пунктчасына ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин тогуз айлыгына карата келип түшүүчү кирешени жана чыгашаны айылдык кеңештин 2024-жылдын 13-январындагы № 24-6 токтому менен бекитилген бюджетине тактоолор жана толуктоолор киргизилип, бекитилсин. (тиркемелер тиркелет)

2. Аткарууга жана каржылоого алуу жагы айыл өкмөт башчысына жана ФЭБнүн башчысына тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Кубанычбек уулу Мурасбекке жүктөлсүн.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов.**

Кенеш айылдык кенешинин ( 7 – чакырылышынын)
кезексиз жыйырма тогузунчу сессиясынын 2024-жылдын
13-сентябрындагы № 29-2 токтомуна 1-тиркеме

Айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетине 2024-жылдын тогуз айлыгына карата түшкөн кирешенин тиешелүү тармактарга бөлүштүрүлүшү.

| **Разделдер** | **Код эконом квалификация** | | **кварталдар боюнча** | | | | **Бардыгы** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **1** | **2** | **3** | **4** | |
| **Киреше бөлүгү: Кошумча** | | | | | | | |
| Киреше салыгы | 11111100 | | | | 441 | | 441 |
| Кыймылсыз мүлк салыгына | 11311200 | | | | 0 | | 0 |
| Айыл чарба эмес багытындагы жер салыгы | 11321300 | | | | 172,0 | | 172,0 |
| Кен байлыктарды изилдөө иштерине лицензия кармоо үчүн төлөм | 14151200 | | | | 0 | | 0 |
| Балдар бакчаларына ата-энелер төлөмүнө | 14232400 | | | | 180,0 | | 180,0 |
| Учурдагы төлөм (долбоор үчүн демөөрчүлүк салым ) | 14411100 | | | | 2000,0 | | 2000,0 |
| **баары** | | | | | **2793** | | **2793** |
| **Чыгаша бөлүгү** | бөлүм | берене | 1 | 2 | 3 | 4 | |
| Шаңкол айылына таза суу тартууга | 70491 | 2221 | | | 280 | | 280 |
| Маданият үйүнүн ремонт иштерине | 70823 | 2221 | | | 50 | | 50 |
| Айбийке балдар бакчасынын полун ремонттоого | 70911 | 2221 | | | 30 | | 30 |
| Ак-терек башталгыч мектебине | 70921 | 3111 | | | 83,6 | | 83,6 |
| Ак-терек башталгыч мектебине | 70921 | 3112 | | | 74,5 | | 74,5 |
| Айыл ичиндеги көчөлөрдүн ремонт иштери үчүн | 70629 | 2221 | | | 94,9 | | 94,9 |
| Балдар бакчалардын тамак-ашы үчүн | 70911 | 2218 | | | 180,0 | | 180,0 |
| Шаңкол айылындагы Т.Сулайманов атындагы көчөнү асфальтоо долбооруна салым ( атайын каражаттар эсебинен) | 70629 | 3111 | | | 2000,0 | | 2000,0 |
| **баары** | | | | | **2793** | | **2793** |

Кеңеш айылдык кеңешинин
төрагасы О.С.Абдырахманов

Кенеш айылдык кенешинин ( 7 - чакырылышынын)
кезексиз жыйырма тогузунчу сессиясынын 2024-жылдын
13-сентябрындагы № 29-2 токтомуна 2-тиркеме

тогуз айлык бюджеттин аткарылышында үнөмдөлгөн кирешени тиешелүү
тармактарга бөлүштүрүү.

| к/ № | мазмуну | бөлүм | берене | кварталдар | | | | Бар дыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 | 2 | 3 | 4 | |
| 1 | Арбын айылындагы логистикалык борбордун өздүк салымы | 70491 | 3111 | | | -700 | | -700 |
| 2 | Айылдардын көчөлөрүнө кум-шагал төшөө ремонт иштеринен | 70491 | 2221 | | | -22,2 | | -22,2 |
| 3 | Айылдардын көчөлөрүнө кум-шагал төшөө ремонт иштеринен | 70629 | 2221 | | | -35 | | -35 |
| 4 | Балдар бакчаларын көмүр менен камсыздоодон | 70911 | 2224 | | | -64 | | -64 |
| 5 | Балдар бакчаларына эмеректерди алуудан | 70911 | 3112 | | | -12 | | -12 |
| 6 | Мектептердин ремонт иштеринен | 70921 | 2221 | | | -21 | | -21 |
| 7 | | | | | | | | |
| 8 | **жыйынтыгы** | | | | | **-854,2** | | **-854,2** |
| 9 | Ак-Терек башталгыч мектебине ашкана курууга | 70921 | 3111 | | | 700 | | 700 |
| 10 | Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоого карата | 70111 | 2215 | | | 56 | | 56 |
| 11 | Маданият үйүнүн алдын ремонттоого | 70823 | 2221 | | | 22 | | 22 |
| 12 | Айыл өкмөтүнүн мүчөлүк акысы үчүн | 70111 | 2215 | | | 17 | | 17 |
| 13 | Арбын айылындагы Ш.Канкожоев көчөсүнө ЖБИ столбага | 70629 | 3111 | | | 40,5 | | 40,5 |
| 14 | Башкаруу аппаратынын автоунаа ремонтуна | 70111 | 2214 | | | 18,7 | | 18,7 |
| **15** | **жыйынтыгы** | | | | | **854,2** | | **854,2** |

Кеңеш айылдык кеңешинин
төрагасы О.С. Абдырахманов

Кеңеш айылдык  кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма тогузунчу  сессиясынын

**ТОКТОМУ № 29-3**

13.09.2024. Куу-майдан айылы.

**Участкалык шайлоо комиссиясынын  резервине талапкерлерди тизмесин бекитүү тууралуу.**

Участкалык шайлоо комиссиясынын резервине көрсөтүлгөн  талапкерлердин тизмесин карап чыгып,  талкуулап, Кыргыз Республикасынын  «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү»  2021-жылдын  20-октябрындагы № 123- мыйзамынын  3-главасынын  34-беренесинин  2-пунктунун 17-пунктчасына  ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши  **токтом кылат:**

1. Участкалык шайлоо комиссиясынын  резевине көрсөтүлгөн  талапкерлердин тизмеси жактырылсын жана бекитилсин. (тизме тиркелет) .

2. Сунушталган резервке  талапкерлердин документтерин тактап АШКнын төрагасына тапшыруу жагы   УШКнын төрагаларына  милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басар-жооптуу катчысы Ж.К.Исаевке  жүктөлсүн.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов.**

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы) кезексиз
жыйырма тогузунчу сессиясынын № 29-3-токтомуна тиркеме.

Кеңеш айыл аймагындагы шайлоо өткөрүү боюнча участкалык
комиссиянын резервине көрсөтүлгөн талапкерлердин
тизмеси.

| | № 5377-Арбын УШК | | | |
|---|---|---|---|---|
| № | ФААЖ | билими | иштеген жери | жашаган жери |
| 1 | Таева Нускайым Камчыбековна | жогорку | Арбын о.м. | Арбын айылы. |
| 2 | Абдикеримова Бегимай Акматалиевна | жогорку | Арбын о.м. | Арбын айылы. |
| 3 | Имарбекова Эркайым Бүркүтовна | жогорку | Арбын о.м | Арбын айылы. |
| № 5571-Дары-Суу УШК | | | | |
| 5 | Кочкоров Жумабек Мамытович | жалпы орто | Дары-Суу о.м. | Дары-Булак айылы |
| 6 | Эгембердиева Айнур Топчубаевна | Жогорку | Дары-Суу о.м. | Дары-Булак айылы |
| 7 | Ражапова Минура Кубанычбековна | Жалпы орто | Дары-Суу о.м. | Дары-Булак айылы |
| 8 | Кудайбердиев Асилбек Аманович | Жогорку | Дары-Суу о.м. | Дары-Булак айылы |
| 9 | Калдарбек кызы Амина | жалпы орто | Дары-Суу о.м. | Дары-Булак айылы |
| 10 | Курсанбек кызы Нуржан | атайын орто | Дары-Суу о.м. | Дары-Булак айылы |
| 11 | Эрмамат кызы Кундуз | атайын орто | Дары-Суу о.м. | Дары-Булак айылы |
| № 5378-Шаңкол УШК | | | | |
| 12 | Мамажунусова Бибинур Абдилазизовна | жогорку | Шаңкол о.м. | Шаңкол айылы |
| 13 | Тойгонбай уулу Алтынбек | жалпы орто | Дыйкан чарбада | Шаңкол а |
| 14 | Каленова Бүбүрабия Ибраимовна | жогорку | Шаңкол о.м. | Шаңкол а |
| 15 | Алибаева Инабат Закировна | жогорку | Шаңкол о.м. | Шаңкол а |
| 16 | Салибаева Чолпон Туратовна | жалпы орто | Дыйкан чарбада | Шаңкол а |
| 17 | Аттокуров Момошер Абдибаитович | жалпы орто | Шаңкол о.м. | Шаңкол а |
| 18 | Заиров Аскарали Кашкариевич | жалпы орто | Дыйкан чарбада | Шаңкол а |
| 19 | Айдаралиева Нурсана Маматалиевна | Жалпы орто | Гүл б.б.нянка | Шаңкол |
| № 5376-Куу-Майдан УШК | | | | |
| 20 | Осмоналиева Назира Жумабековна | жогорку | Ж.Нышанов о.м. | Куу-майдан айылы |
| 21 | Алимбаева Гүлзаада Абдисалимовна | жогорку | Ж.Нышанов о.м. | Куу-майдан айылы |
| № 5522-Байыш УШК | | | | |
| 22 | Маматова Санабар Мариповна | Атайын орто | ФАП К-Аскер | Байыш айылы |
| 23 | Орозалиева Жылдызкан Баатырбековна | Атайын орто | ҮБДТ №9 | Байыш |
| 24 | Маматрашит кызы Гүлмира | Атайын орто | ҮБДТ №9 | Байыш |
| 25 | Мадакимова Нурзада Абдыганыевна | Жалпы орто | ҮБДТ №9 | Байыш |
| № 5523-Ак-терек УШК | | | | |
| 26 | Сабыров Талгат Азатбекович | жалпы орто | Дыйкан чарбада | Ак-терек айылы |
| 27 | Кочкорбай кызы Жайнагүл | жалпы орто | Дыйкан чарбада | Ак-терек |
| 28 | Абдуназарова Анара | жалпы орто | Дыйкан чарбада | Ак-терек |
| 29 | Ибрагимов Эрмекбай Закирович | жалпы орто | Дыйкан чарбада | Ак-терек |
| 30 | Абдыкаар кызы Айгерим | жалпы орто | Дыйкан чарбада | Ак-терек |

Жооптуу катчы А.Шадыбекова.

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма тогузунчу сессиясынын

**ТОКТОМУ № 29-4**

13.09.2024. Куу-майдан айылы.

**Кеңеш айыл аймагына караштуу Куу-Майдан айылынын түндүк тарабындагы № 164- контурундагы 3 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлери” категориясынан “Өнөр жайдын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга макулдук берүү жөнүндө.**

Куу-Майдан айылынын тургуну Мырзашев Каныметтин дробилка куруп, кум-шагал иштетүүсү үчүн сураган Куу-Майдан айылынын түндүк тарабындагы №164 контурундагы сел акчуу сайды жана эки жанындагы жайыт жерлерин жалпысы 3 га жер аянтын“Айыл чарба багытындагы жерлери” категориясынан “Өнөр жайдын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга макулдук берүү жөнүндөгү Кеңеш айыл өкмөтүнүн сураныч катын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасына ылайык, Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Куу-майдан айылындагы № 164-контурдагы айыл чарбасына ыңгайсыз таштуу жайыт болуп эсептелген 3 га жер аянтын бюджетти көтөрүү, иш ордун түзүү жана соц.пакет толтуруу максатында кум-шагал иштетүүчү дробилка куруу үчүн “Айыл чарба багытындагы жерлери” категориясынан “Өнөр жайдын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга макулдук берилсин.

2. Айыл чарбасына ыңгайсыз таштуу жайыт болуп эсептелген жердин категориясын трансформациялап берүү боюнча иш-аракеттерди жана кум-шагал алуучу жердин ордун мыйзамдын чегинде тактап, жерин өлчөп ажыратып берүү жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер, суу чарба, жана жаратылышты коргоо, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, таранспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Нурматов Орозмаматка жүктөлсүн.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов.**

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма тогузунчу сессиясынын

**ТОКТОМУ № 29-5**

13.09.2024. Куу-майдан айылы.

**Арбын айылынын тургуну Жаркынбаев Абдилажандын жашап жаткан үйүнүн жер аянтын турак жай багытына которууга макулдук берүү тууралуу.**

Арбын айылынын тургуну Жаркынбаев Абдилажандын 27 жылдан бери туруктуу жашап жаткан үйү союз мезгилинде кампа болуп турган, кийин 0,08 га жерди турак-жай салуу үчүн ага берилген. Азыркы учурда бул жердин багыты кампа боюнча өзгөрүлбөй калгандыгына байланыштуу, 0,08 га жер участогунун багытын турак жай деп өзгөртүп берүү тууралуу жазган Кеңеш айыл өкмөтүнүн сураныч катын карап жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 14-пунктчасына таянып Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Арбын айылынын тургуну Жаркынбаев Абдилажандын жашап жаткан үйүнүн 0,08 га жер аянтынын максаттык багытын турак жай деп өзгөртүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Мыйзамдын негизинде карап, тиешелүү документтерин бүтүрүп берүү жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер, суу чарба, жана жаратылышты коргоо, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, таранспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Нурматов Орозмаматка жүктөлсүн.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма тогузунчу сессиясынын

**ТОКТОМУ № 29-6**

13.09.2024. Куу-майдан айылы.

**Куу-Майдан айылындагы жаңыдан салынган көчөлөргө жазуучу-публицист, журналист Мырзаш Ашырбековдун ысмын ыйгаруу тууралуу**.

Куу-Майдан айылындагы жаңыдан түзүлгөн көчөлөргө элибиздин чыгаан уулу жазуучу-публицист, журналист Мырзаш Ашырбековдун ысмын ыйгаруу боюнча ошол жердин жашоочуларынын суроо-талабы тууралуу айыл башчы Сапар уулу Бакыттын билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 7-пунктчасына таянып Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Куу-Майдан айылындагы жаңыдан түзүлгөн көчөлөргө элибиздин чыгаан уулу жазуучу-публицист, журналист Мырзаш Ашырбековдун ысмын ыйгаруу боюнча ошол жердин жашоочуларынын суроо-талабы аткарууга алынып, макулдук берилсин .

2.Аталган көчөлөргө “жазуучу-публицист, журналист Мырзаш Ашырбековдун атындагы” деген көчөнүн аталышы, үйлөрдүн номерлери жазылган табличкаларды илүү жана көчөнүн инфрастуктурасын жакшыртуу, жарыктандыруу, көрктөндүрүү боюнча иштерди алып баруу менен көчөгө аты коюлган инсандын жаркын элесин түбөлүктө сактап, көчөнү үлгүлүү алдыңкы көчө кылып сактоо жагы ошол көчөнүн жашоочуларына жана айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин..

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**

Кеңеш айылдык  кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма тогузунчу  сессиясынын

**ТОКТОМУ № 29-7**

13.09.2024. Куу-майдан айылы.

**Куу-Майдан айылынын тургуну  Базарбай уулу Маматжандын сураныч каты тууралуу**

Куу-Майдан айылынын тургуну Базарбай уулу Маматжандын  Н.Исанов  көчөсүндөгү 5-05-07-1001-0188 коду менен  катталып турган 0,1665 га турак жай үчүн берилген жеринин багытын убактылуу коммерциялык багытка алмаштырууга макулдук берүү тууралуу жазган сураныч катын  карап жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү»  2021-жылдын  20-октябрындагы № 123- мыйзамынын  3-главасынын  34-беренесинин  2-пунктунун 14-пунктчасына таянып   Кеңеш айыл аймагынын  айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Куу-Майдан айылынын тургуну Базарбай уулу Маматжандын  Н.Исанов   көчөсүндөгү 5-05-07-1001-0188 коду менен  катталып турган 0,1665 га турак жай үчүн берилген жеринин  максаттык багытын убактылуу коммерциялык багытка   деп  өзгөртүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Мыйзамдын негизинде карап, тиешелүү документтерин бүтүрүп  берүү жагы  айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө  жагы айылдык кеңештин жер, суу чарба, жана жаратылышты коргоо,  мыйзамдуулукту,  укук  тартибин  сактоо,  жарандардын укугун  жана  кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш,  таранспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Нурматов Орозмаматка жүктөлсүн.

**Кеңеш айылдык кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**

Кеңеш айылдык  кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма тогузунчу  сессиясынын

**ТОКТОМУ № 29-8**

13.09.2024. Куу-майдан айылы.

**Куу-Майдан айылындагы  Айбийке балдар бакчасынын 3-корпусунун имаратынын  ички бөлүктөрүн оңдоп түзөө иштери үчүн өнүктүрүү фондунан акча каражатын бөлдүрүү  тууралуу.**

Айбийке балдар бакчасынын 3-корпусунун имаратынын ички бөлүктөрүн оңдоп  түзөө иштерине  Ноокат райондук  өнүктүрүү фондунун эсебинен  акча каражатын  каржылоону сурануу   тууралуу  долбоордун  жетекчисинин  сунушун  угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү»  2021-жылдын  20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын   34-беренесинин  2-пунктунун 1чи, 2-пункчтасына  ылайык  Кеңеш  айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

4. Айбийке балдар бакчасынын 3-корпусунун имаратынын ички бөлүктөрүн  оңдоп түзөө иштери үчүн  2485,66 миң  (эки миллион төрт жүз сексен беш миң алтымыш алты)  сом акча каражатын   Ноокат райондук  өнүктүрүү  фондунан суралсын.

5. Токтомду аткарууга алуу айыл өкмөтүнө жана долбоордун жетекчисине тапшырылсын.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык  кеңештин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу  комиссиясынын төрагасы  Кубанычбек уулу Мурасбекке  тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**